КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I -чакырылышынын XI-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 20-февралы **№12** Барскоон айылы

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Барскоон айыл өкмөтүндө 2023-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин отчетун кароо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн шайкештин аудиттин отчетун карап жана талкуулап, туруктуу комиссиялардын биргелешкен отурумунун корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. КРнын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки (анын ичинде мурдагы аудиттик текшерүүнүн жыйынтыгы да бар) мезгил аралыгындагы жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына өткөрүлгөн шайкештик аудиттин отчету эске алынсын.
2. Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыков, тиешелүү кызматкерлер менен биргеликте тез арада, мыйзамдарда көрсөтүлгөн аткаруу мөөнөттөрүн так сактоо менен:

2.1. Отчетто көрсөтүлгөн сунуштамаларга ылайык жооптуу тараптардан акча каражаттарын өндүрүү ишин колго алсын.

2.2. Барскоон айыл өкмөтүнүн бухгалтердик балансында чагылдырылбаган дебитордук карыздар жалпы 7227,7 миң сомду түзгөндүгү белгиленсин жана бул дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча тиешелүү чараларды көрсүн.

2.3. Аудит учурунда өз учурунда негизги каражаттар айыл өкмөттүн балансына кириштелбегендиги жана текшерүүнүн жыйынтыгы менен жалпы баасы 49689,0 миң сомго негизги каражаттар айыл өкмөттүн балансына кабыл алынгандыгы белгиленсин. Айыл өкмөттүн ишин алып барууда мындан ары КРнын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзамынын

жана башка ченемдик-укуктук актылардын талаптарын так сактоону ишке ашырсын.

2.4. Барскоон айыл өкмөтүнүн балансында турган автоунааларды инвентаризация жасасын, негизги каражаттарды балanска алууну уюштурсун.

2.5. Муниципалдык ишканалардын бухгалтердик эсеп жүргүзүү ишмердүүлүгүн көзөмөлгө алсын жана мыйзамдын талаптарын так сактабаган жетекчилерге жана жооптуу кызматкерлерге мыйзам чегинде жоопкерчилиги каралсын.

3. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Букаровго тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска